**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**

**ТАЛАС ОБЛУСУ**
**МАНАС РАЙОНУ**
**КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛДЫК КЕНЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**

**ТАЛАССКАЯ ОБЛАСТЬ**
**МАНАССКИЙ РАЙОН**
**КЫРГЫЗСТАН АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**

**Кыргызстан айылдык кеңешинин 26-чакырылышынын кезектүү ______-сессиясынын токтому**

22.05.2023 **№ 51** **Талас айылы**

**“АРИСтин «Айылды инвестициялоонун үчүнчү долбоорунун алкагындагы кошумча каржылоо (COVID-19га жооп кайтаруу боюнча)»-КК АИД-3 долбоорундагы:**

**Талас айылына караштуу “Наристе” балдар бакчасынын терезесин, ички , сырткы жарыктандырууларын , жылуулук системасын алмаштыруу жана ички суу түтүгүн орноштуруу ири долбоорлор жөнүндө**

КК АИД-3түн алкагында Кыргызстан айылдык аймагында жүргүзүлгөн долбоордук иш-чаралар жөнүндө жана : Талас айылына караштуу “Наристе” балдар бакчасынын терезесин, ички , сырткы жарыктандырууларын , жылуулук системасын алмаштыруу жана ички суу түтүгүн орноштуруу ири долбоорлор боюнча; Кыргызстан айыл өкмөтүнүн башчысы М.А.Жунусалиевтин жана Кыргызстан айылдык аймагынын АКИА АКнын төрагасы М.С.Сакеевтин маалыматын карап жана талкуулап, ошондой эле "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" 20-октябрь, 2021-жылдын № 123 Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 27-беренесине ылайык, Кыргызстан айылдык кеңештин сессиясы

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

1.Талас айылына караштуу “Наристе” балдар бакчасынын терезесин, ички , сырткы жарыктандырууларын , жылуулук системасын алмаштыруу жана ички суу түтүгүн орноштуруу ири долбоордун жалпы бюджети 3 680 625 (уч миллион алты жуз сексен мин алты жуз жыйырма беш) сом, а.и. АРИСтин гранты 3567000 (уч милион беш жуз алтымыш жети мин) сом өлчөмүндө бекитилсин. (1-тиркеме.)

2.Талас айылына караштуу “Наристе” балдар бакчасынын терезесин, ички , сырткы жарыктандырууларын , жылуулук системасын алмаштыруу жана ички суу түтүгүн орноштуруу ири долбоорду, Кыргызстан айылдык аймагынын 2023-жылдын социалдык-экономикалык өнүгүү планына жана инвестициялык планга киргизилсин;

3.Ири долбоорлордо көрсөтүлгөн объектти техникалык тейлөөгө жана пайдаланууга жергиликтүү бюджеттен каралган чыгымдары бекитилсин;

4.Айыл өкмөтүнүн башчысы М.А.Жунусалиев ири долбоорлордун жана тиешелүү иш-кагаздардын АРИСке өз убагында берүүсүн камсыз кылсын;

5.Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Кыргызстан айыл өкмөтүнүн башчысына жана Кыргызстан АК бюджет маселелери боюнча туруктуу комиссиясына жүктөлсүн.

**Төрага** **Оморов**